КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ

KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ

**МЫЙЗАМ**

---

# КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТЕРДИН САБАККА КАТЫШУУСУН ЭЛЕКТРОНДУК КӨЗӨМӨЛДӨӨ СИСТЕМАСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОЛ-ЖОБОСУ

## Максаты

Бул жол-жобонун максаты – студенттик иштер башкармалыгынын башкаруусундагы студенттердин сабакка катышуусун электрондук көзөмөлдөө системасынын принциптерин аныктоо.

## Мазмуну

Бул жол-жобо даярдоо курсундагы, ошондой эле орто жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окутулган теориялык жана практикалык сабактарга студенттердин катышып-катышпаганы тууралуу маалыматтарды "окутуучунун маалыматтык системасына" киргизүү принциптерин камтыйт.

## Аныктамалар жана кыскартуулар

| | |
|---|---|
| **1. Студенттердин сабакка катышуусун электрондук көзөмөлдөө системасы:** | Окутуучу студенттерге "сабакка катышуу баракчасына" кол койдуруп, сабакка келбеген студенттер тууралуу маалыматтарды "маалыматтык системага" киргизүү; |
| **2. Университет:** | Кыргыз-Түрк "Манас" университети; |
| **3. Окумуштуулар кеңеши:** | Университеттин Окумуштуулар кеңеши; |
| **4. Окутуучу:** | Сабак өтүүгө милдеттүү толук айлык акы же жарым айлык акы, же болбосо саатына айлык акы алып иштеген окутуучу, ага окутуучу жана профессор окутуучу; |
| **5. Расмий эс алуу күнү:** | Окумуштуулар кеңеши тарабынан расмий эс алуу күнү катары кабыл алынган күн; |
| **6. Академиялык календарь:** | Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынган академиялык календарь. |

**Студенттердин сабакка катышуусун  электрондук көзөмөлдөө системасынын иштөө принциптери**

1. Окутуучу студенттерге сабакка катышуу баракчасына кол койдуруп, сабакка келбеген студенттер тууралуу маалыматтарды тийиштүү сабак өтүлгөн жумадан кийинки жуманын аягына чейин “окутуучунун маалыматтык системасына” киргизет. Семестрдин башында сабактарды кошуу-алып салуу жумасынын аягына чейин бул система ачык болот.

2. Апталык, теориялык жана практикалык сабактардын ар бир сааты үчүн аталган системада өзүнчө мамыча бөлүнгөн.

3. Окутуучу сабактын ар бир сааты боюнча сабакка катышкан студенттердин аты-жөнүнүн тушундагы уячаны белгилейт. Сабакка катышпаган студенттердин аты-жөнүнүн тушундагы уяча белгиленбейт.

4. Расмий эс алуу күнүнө туш келген сабактын ар бир сааты окутуучу тарабынан “расмий эс алуу күнү” деп белгиленет. Ошондуктан, расмий эс алуу күнүнө туш келген сабактар система тарабынан эсептелбейт.

5. Сабак өтүлгөн жумадан кийинки жуманын аягынан тарта система жабылганына байланыштуу системага маалымат/өзгөртүү киргизүү мүмкүн эмес. Бул учурда “Жүйөөлүү себеп боюнча системага маалымат/өзгөртүү киргизүү формасы” толтурулгандан кийин гана системага маалымат/өзгөртүү киргизүүгө болот.

6. Окутуучу аткарылган ар бир операциядан кийин “сакта” баскычын басат. Ал басылганда тийиштүү сабакты окуган студенттердин сабакка катышып-катышпаганы тууралуу маалыматтар жаңыланып, булардын пайыздык катыштары “студенттин маалыматтык системасында” жана “окутуучунун маалыматтык системасында” чагылдырылат.

7. “Сакта” баскычына басылгандан кийин система жабылгыча окутуучу оңдоп-түзөө киргизе алат. Бирок киргизилген эң акыркы маалыматтардын системада чагылдырылышы үчүн аткарылган ар бир операциядан кийин “сакта” баскычын басуу керек.

8. Система жабылгандан кийин ага киргизилген эң акыркы маалыматтарды көрүүгө болот.

9. Даярдоо курсундагы сабактардын кеминде 10%ын, орто жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча сабактардын теориялык сааттарынын кеминде 20%ын, практикалык сааттарынын кеминде 15%ын калтырган студенттердин пайыздык катыштары сары түс, ал эми сабакты ашыкча көп калтырган студенттердин пайыздык катыштары кызыл түс менен белгиленет.

10. Студенттердин сабакка катышып-катышпаганы тууралуу маалыматтар академиялык календарда көрсөтүлгөн сабактар башталган жана аяктаган күндөрдү камтыгандай системага киргизилет. Студент сабакты “сабакты кошуу-алып салуу” учурунда тандап алганганда, “сабакты кошуу-алып салуу” учурунан мурунку жумаларда ошол сабакка катышуу милдетинен бошотулбайт.

**11.** Эң акыркы жумада “сакта” баскычын баскандан кийин экранда “кагазга басып чыгар” баскычы пайда болот. “Кагазга басып чыгар” баскычы басылгандан кийин сабакка катталган бардык студенттердин бир семестр бою катышпаган сабактарынын сааттары жана пайыздык катыштары камтылган “студенттердин сабакка катышуусу тууралуу отчет” кагазга басып чыгарылат.

**12.** Студенттердин сабакка катышуусу тууралуу отчетто сабакты ашыкча көп калтырган студенттердин баллы F1 болуп белгиленет.

**13.** Сабак боюнча FF же F2 баллын алганынан улам ошол сабакты кайра окууга тийиш болгон студенттердин сабакка катышып-катышпаганы система тарабынан эсептелбейт.

**14.** Студенттердин сабакка катышуусу тууралуу отчетто “келген жок” (F1) деп белгиленген студенттер семестрдин аягындагы “сынак протоколунда жана сынакка катышуу баракчасында” да “келген жок” (F1) деп белгиленет. Айрыкча, бул студенттерге тиешелүү семестрдин аягындагы сынактардын баллдары система тарабынан автоматтык түрдө “келген жок” (F1) деп көрсөтүлөт.

**15.** Интернет аркылуу окутулган сабактар, дипломдук иштер, окуу-өндүрүштүк практикалар, семестрдик тапшырмалар жана ветеринария факультетинин интернатура сабактары менен Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталган айрым сабактар аталган электрондук системага киргизилбейт.

**Күчүнө кириши**

Бул жол-жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген күндөн тарта күчүнө кирет.

**Ишке ашырылышы**

Бул жол-жобо Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректораты тарабынан ишке ашырылат.

*Бул жол-жобо университеттин Окумуштуулар кеңешинин 2019-жылдын 5-ноябрындагы №2019-19.83-чечими менен кабыл алынган.*